**Өзгөн шаардык кеңешинин (VII чакырылышынын) кезектеги XVII сессиясынын отурумунун**

ТОКТОМУ

2022-жылдын 28–декабры № 17/4 Өзгөн шаары

**Өзгөн шаарында таза суу тарифине өзгөртүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык «Муниципалдык менчик, акы төлөп кызмат көрсөтүү жана жер маселелери боюнча» туруктуу комиссиясынын 2022-жылдын 20-декабрындагы №7 протоколунун негизинде күн тартибине киргизилген маселени угуп жана талкуулап, Өзгөн шаардык кеңеши,

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Өзгөн шаарында таза суу тарифин бюджеттик мекемелерге 1 $м^3$ таза суу үчүн 37,06 сом жана коммерциялык ишканаларга 1 $м^3$ таза суу үчүн 95 сом өлчөмүндө бекитүүгө макулдук берилсин.

2.Бекитилген тарифтер боюнча элге түшүндүрүү иштерин алып баруу, Кыргыз Республикасынын Бааларды жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиги менен макулдашуу, 2023-жылдын 1-январынан ишке киргизүү Өзгөн-Таза-суу муниципалдык ишканасынын директору А.Дүйшеевге милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Өзгөн шаардык кеңешинин «Муниципалдык менчик, акы төлөп кызмат көрсөтүү жана жер маселелери боюнча» туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А. Хасанов**